УДК 811.512.154

З.Э. БОРСУНБАЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

*Бул макала А.Осмоновдун 100 жылдык юбилейине карата жазылды. Акындын чыгармачылыгындагы эмгек темасы чагылдырылды.*

*Эта статья посвящена 100-летнему юбилею А. Осмонова. В статье отражена трудовая тема его творчества.*

*This article is devoted to A. Osmonov's 100 th anniversary. In this article the creative working theme of this writer is described.*

Адамзаттын жашоосунун алгачкы учурун кыргыздар «атам заманда, алмустакта» деп коюшат. Мына ошол ата-бабаларыбыз айтып келе жаткан атам замандан бери кандай гана асыл адамдар өтпөдү, канча өмүрлөр изсиз жалп деп өчтү, канча өмүрлөр уланып келе жатат. Алардын тагдыры, басып өткөн жолу, жасаган иши, кылган кызматы мезгилдин адил таразасында өлчөнөт. Өлчөнөт да, арким өзүнүн эмгегине, талантына жараша өз үлүшүн алып, турмушта өзүнүн жаманбы, жакшыбы, кичинеби, чоңбу, даңктуубу, данксызбы, күнүмдүкпү, түбөлүкпү ордун табат.

Кылымдан-кылымга,доордон-доорго өтүп, ысымы урпактардын дилинде урмат менен эскерилип, элдин жүрөгүндө түбөлүккө жашап калчу адамдар болот. Булардын катарына Аристотель,Сократ,Демокрит,Авиценна, ОмарХайам, Навои сыяктуу көптөгөн адамдардын аттарын санап өтүүгө болот. Алар бизден канчалаган кылымдар мурда жашаса да, артында калтырган эмгектери менен кайсы мезгилде болсо да өз күчүн жоготпогон акылман, көрөгөч ойлору, курч сөздөрү менен бизден кийинки муундардын арасында да жашай берет. Түбү түптүү,уюткулуу кыргыз элинде да жогоруда аты аталган классиктерден кем калбаган ойчулдар, кеменгерлер, акындар жашап өтүшкөн. Булардын катарына Асан Кайгы, Жусуп Баласагын, Токтогул, Калыгул, Барпы, Женижок сыяктуу акындарды атасак болот.

Элибиздин көрүнүктүү акындарынын бири Алыкул Осмонов да окурмандардын жүрөгүндө түбөлүккө калуучу улуу акындардын биринен. Ал өзү айткандай «бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс» ыр килемин согуп калтырды. Акын талыкпаган эмгекчилдиги, изденгичтиги, түйшүкчүлдүгүнүн натыйжасында зор-зор ийгиликтерди жаратты. Анын калеминен жаралган чыгармалар, ал түн уйкусун коротуп, эргүү менен которгон котормолор акындын көзү өткөнүнө көп жылдар болуп калса да, азыр эле сени менен отуруп, ой бөлүшүп, ошол оюнду, ички толгонууларынды өзүнүн чебер, жатык тили менен эпке келтирип, күүгө сала койгондой сезилет. Сен өзүндөн сыртка чыгарып берүүгө кудуретин жетпеген турмуштук ойлорунду, сен күнү-түнү толгонуп таппаган ыр саптарын Алыкулдан табасын. Анын ырларын улам кайрып, улам кайталап окуй бересин, кайрадан окугуң келет…

Алыкул көркөмдүгү жагынан жогору, идеялуулугу жагынан терен ырларды, поэмаларды жаратып, кыргыз адабиятынын горизонтун кеңитип, ага үлгүлүү салымдарын кошо билди.

«Кылым жашасан, кылым бою үйрөнө бил» деп орус элинде макал айтылат эмеспи. Акын ушул макалдын маанисине терең түшүнүү менен аны өмүрүндөгү эң негизги чакырыгы, урааны катары сезген. Ал өз алдына өмүр бою үйрөнүүнү, окууну, эмгектенүүнү милдет кылып койгон да, бул милдеттерди ар дайым так аткарып келген. Алыкул өзүнүн билгендери менен гана чектелип калган эмес. Ал өмүр бою «үйрөнүүчү» болуп, поэзиянын алптары Пушкинден, Лермонтовдон, Шотадан кеңеш, акыл сурап, үлгү

алган. Акын алардын чыгармаларын талбай окуу менен поэзия деген эмне, акын деген ким ж.б.у.с. суроолордун бардыгына жооп тапкан.

«Поэзия - бул турмуштун жылмаюусу, анын жаркыраган көз карашы».-дейт улуу сынчы В.Г.Белинский. Бул кандай чебер, кандай таамай салыштыруу - жылмаюу, кубанычта болуу! Демек, поэзия бул жашоодо болгон жакшылыктын, позитивдин, жакшынакайлыктын, сулуулуктун өзү экен го! Поэзия жүрөктүн кагышынан, ойдун чабытынан, көнүлдүн эргүүсүнөн жаралган өзгөчө касиеттеги кубулуш. Анын күчү уйкаштыгы менен ыргагында эмес, анын таасири, анын күчү- айтайын деген ойдун акылдуу, терең, философиялуу болушунда. Терең ойлуу, таасирлүү чыгармалар Шота айткандай «тил, сезим, чеберчилик» үчөөнүн кошулмасынан пайда болот.

Кандай акын чыныгы акын? Бул суроого жооп берүүгө да Шота аба жардамга келет:

«Ырында узун сөздү кыскача айтса,
Акын деп ошол акын ардакталган»

Алыкул да ушул салыштырууга татый турган акын.

Алыкул Осмонов өзүнүн чыгармачылык жолунда түбөлүктүү темалар болуп эсептелген достук, сүйүү, өмүр, өлүм, мекен, жашоо, эмгек өндүү темалардын бардыгында иштеди да, алардын кайсынысына гана кайрылбасын, бардыгында тең өзүнүн акындык чеберчилигин көрсөтө алды. Макаламда токтоло турган эмгек темасындагы ырларды кыргыз поэзиясындагы А,Токомбаев,К.Маликов, М.Алыбаев сыяктуу акындар ж.б. бардык эле акындар жаратышкан. Бирок ушунча акындардын ичинен А. Осмонов гана эмгек, жумушчу темасын башка эч ким бере албагандай коoздук менен, башка эч ким кайталай албагандай чебер боёк менен түркүн түскө салып, таасын чагылдырып көрсөтө алды. Алыкулдун чыгармаларында жумушчулар тек гана күнүмдүк жашоосун өткөрүп жүргөн адамдар эмес. Алар турмуштун жүргөн каны, соккон жаны.Эмгекчи, жумушчу калк жаңыны жаратуучу новатор калк болуп саналат.Алар эртеңкинин, келечектин ээлери. Акын «Кана чакыр» аттуу ырында жаңы адам, бардык байлыктын ээси болгон жаңы жумушчунун образын жаратты. Бул ырда лирикалык каарман тынчтыкка умтулган, тынчтык үчүн ар кандай агрессиянын жолун опол тоодой тосуп туруучу кайратман адам катары сыпатталат:

«Бул билегим
Жумушчунун билеги!
Бетим сүрдүү
Жумушчунун ирени.
Менин демим
Жаны дүйнө абасы,
Таза кандуу
Жумушчунун илеби»

Акындын бул ырында жумушчунун образы даана байкалат. Ал колуна куралын бек кармаган, күчтүү, өз күчүнө өзү ишенген кайратман жумушчу катары сүрөттөлөт.

А,Осмонов өзүнүн чыгармачылыгы менен кыргыз поэзиясына жанылык киргизди.Ал поэтикалык техникасы жагынан, образ системасы жагынан кыргыз поэзиясында мурда учурабаган бир катар өзгөчөлүктөрдү алып келди. Чыныгы сүрөткер ар түрдүү темага кайрылуу менен бирге белгилүү темаларды да бир нече жолу, бир нече боёк жана мотив менен иштеп чыгат. Дал ушул сапаттарды Алыкулдан көрөбүз. Акын ар бир көрүнүштөн башкалар байкабаган татынакай нерселерди көрө билет, көргөндө да эң негизги жактарын көрө билет. Анын тематикалык жаңычылдыгына «Жумушчунун мүнөзү». «Завод көрдүм», «Ташчылар», «Маляр», «Плотник» ж.б.у.с. ырлары далил. Бул саналып өткөн кесиптеги эмгекчилер өздөрүнүн бардык ажайып ажары менен Алыкулга чейин көрүнө алган эмес, аларды ичи-койнуна чейин ачып берүү жана алардын көзгө көп байкалбаган эмгектерин лупага салгандай чоңойтуп, поэзия даражасына чейин көтөрүү Алыкулдун үлүшүнө тийди. А.Осмоновдун төрт гана куплеттен куралган «Маляры» көлөмдүү поэмадан кем турбайт десек жаңылыш эмес. Ырды окуп көрсөк:

«Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуукийимчен,
Бул дүйнөнүнүстүндөгүкаймагы.
Кетти, кетти, кетти чоң үй капасы,
Кеткенине кубанды уул, атасы.
Ушул адам, ушул эски кийимчен,
Бул дүйнөнүн үстүндөгү тазасы.
Үй тазарды, жарк деп кабак ачылды,
Өмүргө кас, учкан чаңдар басылды.
Сөздөрү орой, чала кызуу бул адам,
Бул дүйнөнүн асылынын асылы».

Автор үч гана куплетте жөнөкөй адамдын сүйкүмдүү образын түзүп койду. Ырдын күчү андагы орундуу табылган образдык курулмалардын («кабак түйгөн капалыкты айдады, үй тазарды, жарк деп кабак ачылды»ж.б.) күчүндө , колдонулган ыктын маанилүүлүгүндө. Алыкулдун «Кабак түйгөн капалыкты айдады» деген образдуу сабын эске албаганда да, «кетти, кетти, кетти чон үй капасы» деген сабындагы «кетти» деген сөздүн үч ирет кайталанышынын өзү эле өмүргө зыян келтирүүчү жыт-жыбырга, чаңга толгон үйдүн таза абадан дем алгандай жеңил сезген жарык жүзүн көз алдыга жандуу элестетип турат. Акын ушул «эски кийимчен» адамдын бул дүйнөнүн асылынын асылы экендигин ача алды. Ал түгүл:

«Касиеттүү мындай кымбат кесиптен

Менин атам билбейм неге кур калган?» деген лирикалык чегинүүсү менен малярдык кесиптин мурун боз үйдө жашап өткөн ата-бабаларыбызда жок экенине өкүнүп, эми ушул кесиптин зор артыкчылык ролун ачып берди да, эки доордун эки башка түрүн аяккы эки сап менен гана окурманга түшүндүрүп, жаңы көрүнүштү кабыл алууга үндөдү.

Ар бир жазуучу же акын образ жана сюжет түзүүдө турмуштун казылбай жаткан кенин, ачылбай жаткан сырын ачып, бузулбай жаткан дыңына биринчилерден болуп курч калеми менен бороз салуусу керек. Алыкулдун жумушчу темасына жазылган «Плотник» деген ырында (4.11.1948- жылы жазылган) усталарды дүйнөгө бир гана келип-кетчү адамдар деп ырдайт. Кийинки куплетинде устанын мүнөзү ар тараптан ачылат да, чыгарманын идеялык мааниси тереңделип, устанын жасаган ишинин артыкчылыгы көрсөтүлөт. Акын ар бир строфада устанын мүнөзүнүн улам бир белгисин ачууга аракеттенет. Поэзиядагы образдуулук, предметтүүлүк үчүн Алыкулдун жаны жай таппай изденгени мына ушул кичинекей ырларынан да көрүнүп турат. Жумушчунун сөөгүнө сиңген шайырдыгын («ойнойт, күлөт, шоктонот, ырдайт, күчөйт») таамай көрсөтүү менен бирге чыгарманын акырында колунан көөрү төгүлгөн устанын иши акындын ыры менен салыштырылат:

«Мен ырдаарда мындан алам үнүмдү,
Мен жазаарда мындан алам күүмдү.
Түз жолумда эпке келген жакшы ырдай,
Мага кымбат ар бир сүргөн сүрүндү».

Белгилүү акын Кайсын Кулиев «Чыныгы акын-мастердин колунан бардык нерсе күүгө келип, кулпуруп турат» дейт. Бул сөз толугу менен Алыкулга тиешелүүдөй сезилет. Акындын мөлү Алыкул Осмонов калемдешинин ушул сөзүнүн калетсиз чындык экенин дагы бир жолу далилдеди. Чынында бул ырдагы устанын «ар бир сүргөн сүрүндүсү» менен жаздым тийбей дал өз ордуна кагылган болот, чегеси күүгө келип, кулпуруп турат. Алыкул эмгек темасына арналган ырларында жумушчуну биздин турмуштун ээси да, туткасы да катарында көрөт.

Алыкул өзү көргөн, жүрөк сезиминен өткөн окуя, турмуш жөнүндө жазууну көбүрөөк жакшы көргөн. Таш омкоруп жаткан ташчылар жөнүндө «Ташчылар» деген ырында төмөндөгүдөй сүрөттөп жазат. Шымаланып иштеп жаткан ташчылардын

күңгүрөнгөн акынды көрүп «буларга да кыйын экен» деп бири-бири менен сүйлөшкөндөрү акындыктын өтө татаал экендиги жөнүндө ташчылардын түшүнүгүн билдирип жатат. Акын ырында:

«Андай эмес, кыйын эмес абалар,
Силер антип аёо көрбөй караңар.
Кээ бир күнүм:
Соп, соп десен баса албаган
Кош өгүздүн жаманына барабар.
Кээ бир күнүм:
Көктө сызган тулпар ат!»

деп, ыр саптары шыдыр уйкашып, жемиштүү эмгектенген күндөрүн көктө сызган тулпар атка теңеп салыштырса, кээ бир күндөрүн айдаса да баспаган жалкоо өгүзгө тенейт. Акындын чеберчилиги бул ыр саптарынан да байкалат, анткени ал жада калса салыштырууларды да эмгек процессинен алат да, ага багынтат. Алыкул бул ырында адамдын ички дүйнөсүн ачуу үчүн көп күч жумшайт, бул анын терен мазмундуулугун, сюжеттүүлүгүн арттырат. Анын ырларынын мазмундуу чыгышынын бир себеби мына ушунда.

Алыкул Осмонов кыргыз адабиятынын тарыхында өчпөс изин калтырган оригиналдуу акын катарында белгилүү болгон. Акын адабияттык традицияларды бардык убактарда жанылыктар менен байыта билген. Ал жумушчу темасына өмүрүнүн акыркы жылдарында кайрылса да бир катар маанилүү ырларды жаратууга үлгүрдү. Алыкул-өз колдору менен бардык маданий жана материалдык байлыкты түзгөн карапайым дыйкандын, жумушчунун, эмгекчинин акыны. Поэзия ышкыбоздору Алыкулду акындын «мөлү» деп бекеринен айтышпаса керек. Алыкулдун бүгүнкү күнү да «мүрзөсүн жара тээп, буудан болуп, таскак салып өтүп бараткан дүбүртү» угулат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Белинский В.Г. Чыгармаларынын үч томдук жыйнагы [Текст] / В.Г.Белинский. – Фрунзе: 1948.
2. Осмонов А.Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу [Текст] / А.Осмонов. - Фрунзе: Кыргызстан, 1-том, 1984.
3. Казыбаев П. Мезгил жана Алыкул [Текст] / П.Казыбаев. – Бишкек, Бийиктик,2006.